german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

From the People of Japan

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

UNDP

# 2020-жылдын 4-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоого саясий партиядан байкоочунун эскертмеси

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ ELECTIONS 2020

Бишкек – 2020

german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

From the People of Japan

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

UNDP

# 2020-жылдын 4-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоого саясий партиядан байкоочунун эскертмеси

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ ELECTIONS 2020

Бишкек – 2020

Саясий партиядан байкоочунун эскертмеси Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борборук комиссиясынын Эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн башчысы Арслан Үметалиев жана БУУӨПтүн шайлоолорду колдоо боюнча программасынын башкы кеңешчиси – Юлия Шипилова тарабынан даярдалды.

Бул басылмада түюндүрүлган пикирлер Германия, Япония, Швейцария өкмөттөрүнүн, Бириккен Улуттар Уюмунун, Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасынан, анын программаларынын/долбоорлорунун же өкмөттүн көз карашын сөзсүз чагылдырбайт. Колдонулган белилер тигил же бул өлкөнүн, аймактын же райондун, же алардын чек араларынын укуктук статусуна карата кандайдыр-бир туюнтмаларды түшүндүрбөйт.


Басууга 25.09.2020-ж. кол коюлду.
Нускасы 8000 даана.

«V.R.S. Company» ЖЧК
типографиясында басылып чыкты

# Мазмуну


1. Саясий партиядан байкоочунун статусу ..... 4

2. Жогорку Кеңештин депуттатарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамдар ..... 6

3. Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодогу шайлоо системасы ..... 6

4. Шайлоо комиссияларынын тутуму ..... 8

5. Шайлоочулардын тизмеси ..... 9

6. Саясий партияларды каттоо ..... 11

7. Шайлоо процессинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу ..... 12

8. Таажы вирусу шартында шайлоо алдындагы үгүттөө ..... 14

9. Юридикалык жоопкерчилик ..... 14

10. Ыкчам чара көрүү координациялык тобу ..... 16

11. Чет өлкөлөрдө добуш берүү ..... 17

12. COVID-19 шартында добуш берүүнүн өзгөчөлүктөрү ..... 17

13. Добуш берүү күнү УШКнын даярдоочу отуруму ..... 18

14. Добуш берүүчү жайда добуш берүүнү уюштуруу ..... 20

15. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү уюштуруу ..... 23

16. Шайлоочулардын добуштарын эсептөө ..... 25

17. АШКларда добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана БШКда шайлоонун натыйжасын аныктоо ..... 30

18. Борбордук шайлоо комиссиясынын маалымат ресурстары ..... 31

19. Күтүлбөгөн кырдаалдарда байланыш телефондору ..... 32

# 1 Саясий партиядан байкоочунун статусу

Саясий партиядан байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдарында жөнгө салынат.

**Саясий партиядан байкоочунун ыйгарым укуктары төмөнкүлөр менен тастыкталат:**

- Саясий партиянын жазуу түрүндөгү жолдомосу
- Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту
- Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт

Саясий партиянын жазуу түрүндөгү жолдомосу:

- саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт
- байкоочунун фамилиясын, аты жана атасынын атын, жашаган жерин, ал жиберилген шайлоо участогунун номерин, шайлоо комиссиянын аталышын көрсөтүү менен
- "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 9-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган чектөөлөрдүн жоктугу жөнүндө жазуу менен (Төмөнкүлөр байкоочу болууга укуксуз: Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссиясынын мүчөсү; талапкердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү; судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматчылары, аскер кызматчылары).

**Саясий партиядан байкоочу төмөнкүлөргө укуктуу:**

1. кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга
2. шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга
3. шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга
4. шайлоону маалыматтык камсыз кылууга байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга
5. шайлоо комиссиясында турган шайлоочулардын тизмеси менен, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга
6. добуш берүү күнү сутканын каалаган убагында добуш берүүчү жайда болууга
7. шайлоочулардын добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүлөрүнө катышууга
8. көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин баяндоого, билдирүү жасоого
9. ары-бери эркин жүрүүгө жана кайсы гана болбосун шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында болууга

10 добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан, конституциялык мыйзамда белгиленген уюштуруу жана добуш берүү тартибине байкоо жүргүзүүгө

11 ал өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга

12 шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга

13 тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайра саноого катышууга

14 өзү жиберилген участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, ал эми ал жокто - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сунуштар жана сын пикирлер менен кайрылууга

15 өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) конституциялык мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга

16 өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, аны шайлоо комиссиясына жиберген уюмдун аталышы белгиленген, шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган төш белги тагынып жүрүүгө

17 шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга тоскоол болбостон, жеке өзү фото-, көрмө тартууга, укма жазууну жүргүзүүгө

## Саясий партиядан байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз:

1 шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө

2 шайлоочунун өтүнүчү боюнча, шайлоочу үчүн шайлоо бюллетендерин алганына кол коюуга

3 шайлоочунун өтүнүчү боюнча, ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга

4 добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого

5 шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жүргүзүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга

6 шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылуучу аракеттерди жасоого

7 шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө

8 тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга

Жигердүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жарандары байкоочу болууга укуктуу Саясий партия ар бир участкалык шайлоо комиссиясына экиден ашык эмес байкоочу дайындай алат, алар добуш берүүнү өткөрүүгө жана добуш берүү үчүн жайдагы башка шайлоо аракеттерине кезектешип байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ болушат. Шайлоо комиссиясынын жайында, добуш берүү үчүн жайда катталган бир талапкердин, бир саясий партиянын кызыкчылыктарын билдирүүчү эки же андан көп байкоочунун бир убакта байкоочунун ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууларына жол берилбейт.

## 2 Жогорку Кеңештин депуттатарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамдар

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү тартиби:

Кыргыз Республикасынын Конституциясы

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Конституциялык мыйзамы

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» КР Мыйзамы

## 3 Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодогу шайлоо системасы



Жогорку Кенеш - Кыргыз Республикасынын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигин жана өзүлөрүнүн ыйгарым укутарынын чегинде мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принцибин сактоо менен контролдук функцияларды жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүк орган болуп саналат.

Жогорку Кеңештин Конституциялык курамы 5 жылдык мөөнөткө шайланган 120 депутаттан турат. Жогорку Кеңештин депутаттары пропорционалдык түтүм боюнча шайланат, ал боюнча мандаттар партия шайлоолордо алган добушунун санына пропорционалдуу бөлүштүрүлөт. Мында мандаттарды бөлүштүрүүгө катышуу укугун алыш үчүн партия жалпы республика боюнча шайлоочулардын 7% кем эмес добушун жана ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добушка катышкан шайлоочулардын добуштарынын 0,7 пайыздан кем эмес добушун алышы керек.

Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкерлердин тизмесин добуш берген күнгө карата 6 айдан кем эмес убакытта каттоодон өткөн саясий партиялар берүүгө укуктуу.

Тизмеде 75 тен кем жана 200 дөн ашык талапкер болбош керек. Талапкерлердин тизмесин аныктоодо партия төмөнкүнү эске алганга милдеттүү («Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Конституциялык мыйзамынын 60-беренси):



Гендердик квота

- бир жыныстагы талапкерлер 70% ашык эмес
- Кезектик айырмасы 3 позициядан ашпашы керек



Жаштардын квотасы

- 35 жаштан жогору эмес талапкерлер 15%дан кем эмес
- биринчи 65тин катарында 5 тен кем эмес талапкер



Этникалык квота

- түрдүү этносторго таандык талапкерлер 15%дан кем эмес
- биринчи 65тин катарында 5 тен кем эмес талапкер



ДМЧА квотасы

- 2 талапкерден кем эмес – ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жактар
- алдыңкы 50 талапкердин бири

*«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республкасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Конституциялык Мыйзамынын 60-бе ренеси*

**Жогорку Кенештин депутаты кызмат ордуна талапкер**

шайлоо өткөрүү күнүндө 21 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жараны («Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 59-беренеси)

Мыйзамда белгиленген тартипте соттолгондугу жоюлбаган адам Жогорку Кеңештин депутаттыгы кызмат ордуна шайланууга укугу жок.

Сот тарабынан ишке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуучу жерлерде кармалган жарандар шайлана албайт.

Кыргыз Республикасынын жарандары тегине, жынысына, рассасына, этностук тиешелүүлүгүнө, майыптыгына, билимине, кызматтык жана мүлктүк абалына, тутунган динине, саясий жана башка ишенимдерине карабастан шайлоого, шайланууга укуктуу.


# 4 Шайлоо комиссияларынын тутуму

Кыргыз Республикасында шайлоолорго даярданууну уюштуруу жана өткөрүү менен шайлоо комиссиялары алектенет.

**Шайлоо комиссияларынын бирдиктүү тутумун төмөнкүлөр түзүшөт:**




Шайлоо комиссиялары ишмердигин төмөнкү принциптерге таянып жүзөгө ашырат:




«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, участкалык шайлоо комиссияларынын сандык курамы участоктогу шайлоочулардын санына жараша болот:

| Шайлоочулардын саны | Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн саны |
|---|---|
| **0 дон 500 гө чейин** | 7 ден кем эмес |
| **501 ден 1200 чейин** | 9 дан кем эмес |
| **1201 ден жогору** | 11ден кем эмес |

Жалпы эреже боюнча комиссиянын чечими комиссиянын жалпы курамынын добуштарынын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат:

| Шайлоочулардын саны | Участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнөн саны | Чечим кабыл алууга керектүү добуштардын саны |
|---|---|---|
| **0 дон 500гө чейин** | 7 ден кем эмес | 4 төн кем эмес |
| **501 ден 1200гө чейин** | 9 дан кем эмес | 5 тен кем эмес |
| **1201 ден өйдө** | 11 ден кем эмес | 6 дан кем эмес |

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, шайлоолорду даярдоону жана өткөрүүнү каржылоо, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө маселелер боюнча чечимдер комиссия мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмес добушу менен кабыл алынат:

| Шайлоочулардын саны | Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн саны | Каржылоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алуу үчүн керек болгон добуштардын саны |
|---|---|---|
| 0 дон 500гө чейин | 7 ден кем эмес | 5 тен кем эмес |
| 501 ден 1200гө чейин | 9 дан кем эмес | 6 дан кем эмес |
| 1201 ден жогору | 11 ден кем эмес | 8 ден кем эмес |

Эгер комиссиянын мүчөсү кабыл алынган чечимге макул эмес болсо, анда ал отурумдун протоколуна тиркелип жана АШКнын жана БШКнын чечими менен жарыялана турган өзгөчө пикирин жазуу түрүндө билдире алат.
Даттанууларды кароонун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган чечимдер БШКнын расмий сайтына жарыялоо үчүн 24 сааттын ичинде БШКга өткөрүп берүүгө жатат.

# 5 Шайлоочулардын тизмеси

Шайлоочулардын укуктарын ишке ашыруу, шайлоочулардын өздөрү жөнүндө маалымат менен таанышуу, ошондой эле добуш берүүнү жүргүзүү максатында ар бир шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын тизмеси түзүлөт.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого добуш берүү укугуна төмөнкүлөр ээ:




Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого, шайланууга укуксуз



Шайлоочулардын алдын ала тизмеси 2020-жылдын 15-июлунда ар бир шайлоо участогу, район, шаар боюнча түзүлгөн https://tizme.gov.kg мамлекеттик порталында жайгаштырылган.

Участкалык шайлоо комиссиялары 2020-жылдын 26-июлуна чейин тиешелүү шайлоо участогунун аймагында жашап жаткан шайлоочуларга тааныштыруу үчүн шайлоочулардын алдын ала тизмесин илген койгон.

## Шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу, так эместиктерди оңдоо. Шайлоо дареги

**2020-жылдын 26-июлуна чейин**

- УШК шайлоочулардын алдын ала тизмесин илгенге милдеттүү

**2020-жылдын 4-сентябрына чейин**

- УШК шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн шайлоочулардын контролдук тизмесин илүүгө милдеттүү.
- Контролдук тизмеде тиешелүү участок боюнча тизмелерге киргизилген шайлоочулардын фамилиясынан, атынан, атасынын атынан, ошондой эле шайлоо участогунун номеринен башка маалыматтарды камтыбоого тийиш

**2020 -жылдын 19-сентябрына чейин**

- Катаны же тактык эместикти жана анын шайлоочулардын алдын ала тизмесинде жоктугун байкаган ар бир шайлоочу тиешелүү УШКга тастыктоочу документтерин тиркөө менен арыз жазып кайрылууга укуктуу, мында шайлоочу биометрикалык идентификациялоодон өтөт
- Шайлоочу ошондой эле мамлекеттик порталдан мыйзамда белгиленген тартипте авторизациялоо өтүп, «шайлоочунун кабинети» сервис аркылуу электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсүн тиркөө менен белгиленген үлгүдөгү арыз (форма 1) бергенге укуктуу
- Шайлоочу шайлоо дареги боюнча добуш берүү ниети менен тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсүн тиркеп, 1-формадагы арыз берүү менен кайрылганга укуктуу; мында шайлоочу биометрикалык идентификациялоодон өтөт

**2020 -жылдын 24 сентябрына чейин**

- БШК жабдуулар комплектисин даярдоо үчүн шайлоочулардын акыркы тизмесин Мамлекеттик каттоо кызматына электрондук түрдө берет

**2020-жылдын 28-сентябрына чейин**

- БШК шайлоочулардын номери коюлган, боолонгон жана БШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн акыркы тизмесин эки нускада басып чыгарат жана тиешелүү УШКга өткөрүп берет
- Мында ар бир участок боюнча шайлочулардын илип коюуга багытталган кагаздагы акыркы тизмеси шайлоочулардын жашаган жери жөнүндө маалыматты камтыбашы керек
- УШКлар шайлоо участокторунда шайлоочулардын кагаздагы акыркы тизмесин тиешелүү шайлоо участокторуна илгенге милдеттүү

Шайлоочулардан алардын тизмеде жоктугу жөнүндөгү, андагы каталар же так эместиктер жөнүндөгү, шайлоо дареги боюнча добуш берүүгө ниеттенгендиги жөнүндөгү арыздарды кабыл алуу добуш берчү күнгө чейин 15 календардык күн мурун токтотулат. Арыздарды иштеп чыккандан кийин, борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын акыркы тизмесин түзөт. Мында шайлоочулардын контролдук жана акыркы тизмеси сөзсүз түрдө Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестри менен салыштырууга жана андагы маалыматтар менен актуалдаштырууга жатат.

Шайлоочулардын акыркы тизмесинде камтылган жеке маалыматтарын өткөрүп берүү, көчүрүү, жарыя кылуу жолу менен жарыялоо мыйзамдарда каралган жоопкерчиликти алып келет.

# 6 Саясий партияларды каттоо

Шайлоо процесинин башталгандыгы жөнүндө жарыялагандан кийин, парламенттик шайлоого катышууга ниети жөнүндө 44 партия билдирме тапшырды.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Конституциялык Мыйзамга ылайык, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкердердин тизмесин жылдыруу шайлоону дайындаган күндөн башталып, шайлоого чейин 45 календарлык күн калганда аяктайт, т.а., 2020-жылдын 19-августун кошо аяктайт. Талапкерлерди жылдыруу мөөнөтү бүткөн учурга өздөрүнүн съезддерин 23 партия өткөрүп, талапкерлердин тизмесин бекиткен. 10 саясий партия КР БШКга парламенттик шайлоолорго андан ары катышуудан баш таркандыгы жөнүндө оозэки билдиришкен. 9 партия шайлоого катышууну улантууна ниеттенбегендиги жөнүндө расмий билдирме жиберишкен. 1 партия мындан ары шайлоо кампаниясына катышуусу же катышпасы жөнүндөгү ниети тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясына маалымат берген жок.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Конституциялык Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышууга ниеттери жөнүндө жарыялашкан саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү 2020-жылдан 24-августунда саат 18:00 го чейин КР БШКга талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн тиешелүү документтерди тапшырышы керек:

| | |
|---|---|
| Талапкердлердин тизмесин жылдыруу жөнүндө саясий партиянын чечими | • Саясий партиянын жетекчисинин койгон колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн |
| Ар бир талапкер боюнча документтер | • Талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкер жөнүндөгү биографиялык жана башка маалыматтарын көрсөтүү менен ар бир талапкер толтурган атайын форма<br>• Паспорттун көчүрмөсү<br>• Иштеген же окуган жеринен маалымкат<br>• Башка өлкөнүн жарандыгы жоктугу жөнүдөгү маалымат<br>• Соттолгонудугу жөнүндө маалымат<br>• Башка өлкөнүн жарандыгынын болгонуна же болбогонуна жеке маалыматтарын иштеп чыгууга жазуу түрүндөгү макулдугу |
| Шайлоо күрөөсүн төлөгөндүгүн күбөлөндүрүүчү документ | • Шайлоо күрөөсү 5 000 000 сом өлчөмүндө белгиленген |

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына...., алардын ичинен 16..., БШК тарабынан шайлоо бюллетендеринин тексти, формасы, жана анда саясий партиялардын жайгашуу номерлери аныкталды

| | |
|---|---|
| 01 «Биримдик» Демократиялык партиясы (Единство) | 02 «Мекенчил» |
| 03 «Ыйман Нуру» Адилеттүүлүктүн жана өнүгүүнүн саясий партиясы» | 04 «Мекеним Кыргызстан» |
| 05 «Реформа» | 06 «Ата Мекен» социалисттик партиясы» |
| 07 «Замандаш» | 08 «Бутун Кыргызстан» |
| 09 «Социал-Демократтар» | 10 «Мекен Ынтымагы» |
| 11 «Афганистандагы согуштун ардагерлеринин жана башка локалдык аскерий кагылышуу-лардын катышуучуларынын саясий партиясы» | 12 «Ордо» |
| 13 «Бир Бол» мамлекеттик биримдиктин жана мекенчил-диктин саясий партиясы» | 14 «Республика» |
| 15 «Кыргызстан» | 16 «Чон Казат» |

Саясий партиялардын депутаттыкка талапкеринин тизмеси жөнүндөгү толук маалымат БШКнын сайтында: talapker.shailoo.gov.kg

# 7 Шайлоо процессинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу

Кыргыз Республикасы тарабынан ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын (ДМЧШ) саясий турмушка жана эркин добуш берүүгө катышуусуна тоскоолдук жаратуучу укуктук жана административдик тосмолорго багытталган этаптык чараларды жүзөгө ашырып жатат. БШКнын негизги көрүүсү болуп, ДМЧШлардын башка жарандардай эле бирдей укукка ээ болуп, добуш берүү үчүн имараттардын ичинде шайлоолорго катышууда бирөөгө алмаштыруу мамилесинен, өзү түздөн түз катышуусуна өтүшү саналат.

ДМЧШлардын шайлоолорго катышуусун кеңейтүү төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

- ✓ ар бир УШК боюнча шайлоочулардын керектөөчү карталарын тариздөө (ДМЧАнын саны жана добушка катышуу боюнча алардын атайын керектөөлөрү);


- ДМЧАлардын категориялары боюнча жана ар бир шайлоо участокторунда иш жүзүндөгү санынын милдеттүү эсебин жүргүзүү : ыйгарым укуктуу органдар пландоо үчүн жылына эки жолу – 1-февралда жана 1-августта маалымат берип турганга милдеттүү;
- ДМЧАларга атайын форматтарды колдонуу менен маалымат берүү (аудио, сурдокотормо, субтитрлөө, Брайля шрифти менен);
- Партиялар ДМЧАлар үчүн атайын форматтагы үгүт материалдарын сөзсүз чыгаруусу (партиялардын үгүт материалдарынын 1%дан кем эмеси атайын форматтарды даярдалышы керек);
- территориялык, участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн ДМЧАлардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу чаралары жөнүндө окутуу;
- ДМЧШларды шайлоого тартууда жарандардын катышуусунун акциясы;
- Квотанын эсебинен шайлоо органдарында өкүлчүлүктөрүн көбөйтүү.



Добуш берүү үчүн имаратка ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын тоскоолдуксуз кирүүсү жана добуш берүүсү үчүн, ыңгайлуу кире бериш эшиктери жана жөө жүрүү жолдорун, жеке автоунаанын токтошу үчүн атайын орундарды кошкондо, талаптарына жооп бериши керек. Добуш берүү үчүн жайлар имараттын биринчи кабаттарында же лифт болгон имараттарда жайгаштырылышы керек, имараттардын эшиктеринин туурасы кенен, пандустардын, төшөгүчтөрдүн, тактилдик көрсөткүчтөрдүн жана жарыктын жакшы болушу керек. Пандус орнотууга мүмкүнчүлүк болбосо, имаратта жардам чакыруу кнопкасы орнотулушу зарыл.



Имараттын ичинде добуш берүү үчүн жабдуулар (столдор, кабиналар жана добуш берүү жашиктери), ошондой эле маалымат тактары добуш берүүнүн жашыруундуулугун камсыз кылуунун жеткиликтүүлүгүн жана зарылдыгын эсепке алуу менен жайгаштырылышы керек. Добуш берүү үчүн кабиналар отургуч-коляска колдонуучу шайлоочуларга тоскоолдуксуз кирүү жана оптикалык коррекция каражаттары (лупа же жарыгы менен лупа), кошумча жарык, стул, атайын трафарет менен жабдылышы үчүн мүмкүндүк берүүчү параметрлерге шайкеш келиши керек.



Добуш берүү үчүн имаратта шайлоо комиссиясы талапкерлердин тизмесин каттоодон өткөргөн баардык саясий партиялар жөнүндө маалыматтык материалдар, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү шайлоочуларга маалымат берүү үчүн Брайл шрифтин колдонуу менен чоң шрифтер менен толтурулган шайлоо бюллентердин үлгүлөрү илинген дубал тактаны жайгаштырат.

# 8 Таажы вирусу шартында шайлоо алдындагы үгүттөө

талапкерлердин тизмесин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн – 2020-жылдын 4-сентябрынан башталат → добуш бергенге 24 саат калганда бүтөт (2020-жылдын 3-октябрында саат эртең мененки 8:00)

Таажы вирусу инфекциясынын жайылышынын алдын алуу максатында иш чараларды (съезддерди, дебаттарды, жолугушууларды өткөрүү) уюштурууда Борбордук шайлоо комиссиясы аларды өткөрүүнүн дистанттык формасын максималдуу пайдаланууну, же иш-чараларды социалдык-эпидемиологиялык коопсуздук чараларын эске алуу менен өткөрүүнү сунуштаган, тактап айтканда:




# 9 Юридикалык жоопкерчилик

КР Президентинин 2013-жылдын 22-майындагы Жарлыгы менен түзүлгөн Кыргыз Республикасынын шайлоолор жөнүндө мыйзамдарын жакшыртуу боюнча жумушчу топ тарабынан Кыргыз Республикасынын 2018-2020-жылдарга шайлоолор жөнүндө мыйзамдарын жакшыртуу стратегиясы иштелип чыккан. Стратегия 2018-жылдын 13-августунда Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин VII отурумунда кабыл алынган. Стратегияны ишке ашыруунун алкагында «Шайлоо мыйзамдарынын бузулушунун алдын алуу, болтурбоо механизминин натыйжалуулугун жогорулатуу. Жарандардын шайлоо укуктарын коргоону жакшыртуу» максаты каралган, ал эркин жана демократиялык шайлоолордун принциптерин чыңдоого кызмат кылышы керек. Шайлоо процесстерин сапаттуу жакшыртуга жана шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти киргизүүгө багытталган мыйзамдуу мүнөздөгү чараларды кабыл алуу зарылдыктарын эске алып, БШК Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүнү киргизүүнү демилгелеген.

2020-жылдын 28-июлунда кабыл алынган өзгөртүү таза демократиялык шайлоолорго карай жолдо шайлоо тутумун жана мамлекетти жакшыртуунун маанилүү кадамы болуп калды. Өзгөртүүнүн максаты шайлоочулардын эркин туюндурууну бурмалаган аракеттердин алдын алуу, шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жазанын сөзсүз болоорлугу үчүн шарттарды түзүү болуп саналат.

Төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилди:

- ✓ Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине – шайлоого (референдумга) даярдыктын жүрүшүндө, же добуш берүү күнү шайлоо укугун ишке ашыргандыгы үчүн акча каражатын же материалдык баалуулукту өзү же үчүнчү жак үчүн шайлоочу (референдумдун катышуучусу) алгандыгына жоопкерчилик. Эгер шайлоочу сунушталып жаткан талапкерге добуш бергени үчүн акча каржаттарын же материалдык баалуулуктарды жайылтканы жөнүндө ыктыярдуу түрдө билдирсе, (873-берене шайлоочу (референдумдун катышуучусу) акча каражаттарын же материалдык баалуулуктарды алуусу) анда шайлоочу жоопкерчиликтен бошотулат;
- ✓ Жазык Кодексинин 192-беренеси шайлоочулардын добушун сатып алгандыгына жазык жоопкерчилигинин субъектилеринин тизмесин кеңейтүү менен жаңы редакцияда баяндалган. Белгиленген чаралар чагымчыл максатта тигил же бул талапкердин атынан материалдык баалуулуктарды жайылткан жактардын аракеттери үчүн талапкерлердин, саясий партиялардын жоопкерчилигин жокко чыгарганга мүмкүндүк берди.
- ✓ Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине шайлоо комиссиясынын чечимдерин жана талаптарын аткарбаганына жоопкерчилик жөнүндө ченем киргизилген (Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодекси. 42-берене. Шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузуу.
- ✓ Уюштуруу чараларын жакшыртуу боюнча бир нече чаралар кабыл алынды (шайлоочулардын тизмесин тактоо мөөнөтү узартылды жана шайлоо дарегин өзгөртүү жөнүндө арыз берүүнүн формасы кеңейтилди, мамлекеттик порталда «Шайлоочунун кабинети» аркылуу электрондук арыз берүү менен шайлоочулардын тизмесинен өзү тууралуу маалыматтарды тактоо). Шайлоочулардын тизмеси кирген шайлоо документтерин фальцификациялоону жокко чыгаруу максатында шайлоо дарегин алмаштыргандыгы жөнүндө шайлоо комиссиясына арыз берүүдө билип туруп анык эмес маалыматтарды бергендигине жарандардын жоопкерчилиги киргизилди (Кыргыз Речпубликасынын бузуулар жөнүндөгү кодекси. 422-берене. Шайлоочунун билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү). Мында жаран жеке өзү жөнүндө анык эмес маалымат бергендиги үчүн гана жекече жоопкерчиликти тартат. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан шайлоо документтерин фальсификациялагандыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 195-беренесинде каралган.
- ✓ Шайлоо алдындагы шайлоо кампаниясын жүргүзүүдө талапкерлердин «административдик ресурсту колдонгонуна» доолордун талдоосу жана мүнөзү күнөөлүү жактарды жоопкерчиликке тартуунун реалдуу механизми мыйзамдарда жок болгондугун көрсөттү. Шайлоо процесиинин жүрүшүндө административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун алдын алуу жана жөнгө салуу боюнча БДИП\ОБСЕ нин жана Венецианын коммисиясынын 2016-жылдагы Биргелешкен сунуштоосуна жана 2017-жылда Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого ОБСЕ байкоочуларынын миссиясынын Корутунду отчётуна ылайык: «мыйзамдарга жана алдын ала тыюу белгилениши керек. (административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланганына). «Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланганына санкциялар каралышы жана колдонулушу керек». Шайлоолорду административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун жана шайлоочунун эркин билдирүүнү бурмалоонун таасиринин алдын алуу максатында административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланганына жоопкерчилик киргизилди (Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндөгү кодекси, 871-берене- Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу).
- ✓ Кыргыз Республикасынын Жазык Кодексинин 195-беренеси менен Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндөгү кодексине Кыргыз Республикасынын Президентине талапкердин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, жергиликтүү кеңештин депутатына, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын орган башчысы кызмат ордуна талапкердин билип туруп жалган документтерди бергендигине, ошондой эле аны каттоого жана шайлоого тоскоолдук

жаратуучу өзү тууралуу маалыматтарды жашыргандыгына, башка мамлекеттин жарандыгы болгондугу жөнүндө маалыматты жашырганына жоопкерчилик белгиленди.

- Кыргыз Республикасынын Жазык Кодексинин 191-беренесине шайлоо процесинде ишти бузуунун атайын аракеттерин криминалдаштыруу же колдонулуучу мамлекеттик маалымат тутумунун маалыматтарын фальсификациялоо максатында өзгөртүүлөр киргизилди.
- Шайлоонун жүрүшүндө бузууларга доолорду кароо тартибин, шайлоо талаштарын чечүү тартибин жакшыртуу, шайлоо комисияларынын ишинин айкындыгын жана жарандардын шайлоо тутумуна ишенимин жогорулатуу максатында шайлоо процессинин субъектилеринин шайлоо укуктарын бузгандыгына, шайлоо комисияларынын чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине) арыздарды (доолорду) берүүнүн кийинки конкреттүү мөөнөттөрү (шайкештик) белгиленди – даттануунун үч күндүк мөөнөтү. (Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодекси, 201-берене.
- Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузуучу чечимдерге жана аракеттерге (аракетсиздикке) даттануу.

## 10 Ыкчам чара көрүү координациялык тобу

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 43-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, шайлоо мыйзамдарын бузганга ыкчам аракет көрүү жана кабыл алынган чаралар жөнүндө жарандарга маалымат берүү максатында шайлоо комисияларынын бардык деңгээлинде Ыкчам аракеттин координациялык топтору түзүлгөн:




**Ыкчам чара көрү координациялык тобунун курамына төмөнкүлөр кирди:**




Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого даярдануу жана жүргүзүү мөөнөтүнө КР БШКнын жана

ТШКнын Ыкчам аракеттин координациялык тобунун аракеттеринин алгоритми иштелип чыкты, ошондой эле жарандардын кайрылууларынын жеткиликтүүлүгү үчүн керектүү шарттар, маалыматтардын түшүү каналы уюштурулду.

## 11 Чет өлкөлөрдө добуш берүү

Кыргыз Республикасынын четинде жашаган же убактылуу жүргөн жарандардын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу укутарын камсыз кылуу үчүн 28 өлкөдө 44 шайлоо участоктору түзүлдү (2017-жылы шайлоодо 37 УШК болгон).

2020-жылы Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк мекемеси түзүлгөн Иркутск, Якутск, Түштүк Сахалинск, Сургут, Рим, Париж шаарларында биринчи жолу шайлоо участоктору уюшулду.


## 12 COVID-19 шартында добуш берүүнүн өзгөчөлүктөрү

Таажы вирусунун эпимдемиялык шартында шайлоо участкаларында социалдык – эпидемологиялык коопсуздук чаралары сакталат. Шайлоо коммисияларынын мүчөлөрү, байкоочулар, ЖМК өкүлдөрү шайлоо участокторунда жүргөн учурда беткап кийүүсү жана бири-биринен 1,5 метр аралыкты сактоосу керек. Ошондой эле, алар кол кап кийип жүрүүсү сунушталат. Баардык шайлоочуларга шайлоо участокторуна беткап менен келүүсү сунушталат. Беткаптар жок болгон учурда, шайлоочулар аны менен камсыз болушат.

Борбордук штаб Борбордук шайлоо коммисия менен биргеликте шайлоочулар үчүн добуш берүүнүн төмөнкү алгоритмин иштеп чыккан:

1. добуш берүү күнү добуш берүү үчүн имараттын ичи, жана бардык нерселердин беттери толук жугушсуздандырылуудан өтөт;
2. шайлоо процессинин катышуучуларынын ортосунда 1,5-2 метр аралыкты сактоо үчүн белги коюулат;
3. аралыктан термометр коюлган шайлоо участогунун кире беришинде бардык шайлоочулардын дене табы текшерилет;
4. шайлоо участогуна кире бериште шайлоочу колун жугушсуздандырып, бир жолку кол кап кийиши керек;
5. идентификациялоо жол-жобосу бүткөндөн кийин, шайлоочу колдорун салфетка менен тазалап, кол капты киет;
6. андан кийинки аракеттер: идентификациялоо жөнүндө чек алуу, аны бюллетенге алмаштыруу, бюллетенди толтуруу жана аны добуш берүү үчүн урнага салуу шайлоочу тарабынан кол кап кийип аткарылат;
7. добуш берүү аяктагандан кийин шайлоочу бир жолку кол капты атайын коюлган таштанды салынчу чакага ыргытып, шайлоо участогунан чыгып кетиши керек;
8. добуш берүү үчүн имарат шайлоо күнү бир нече жолу желдетилип, нерселердин беттери (эшиктин туткагы, столдор, канцелярдык буюмдар ж.б.) жугушсуздандыруу каражаты менен сүртүлүшү керек.

# 13 Добуш берүү күнү УШКнын даярдоочу отуруму




Участкалык шайлоо коммисиясын шайлоочулар келгенге чейин даярдоо жана добуш берүү үчүн бөлмөнүн жана шайлоо участогу жайгашкан имараттын ичинде үгүт материалдары жоктугун текшерүү үчүн добуш берүү күнү участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоо участогуна эртең менен саат 7 де келиши керек.

Функцияларды бөлүштүрүү чүчүкулак жолу менен жүрөт. Комиссия төмөнкүлөрдү аткара турган комиссия мүчөлөрүн аныкташы керек:

1. Добуш берүү күнү оператордун ишин көзөмөлдөп, аны менен биргеликте шайлоочулардын электрондук тизмесинен жарандарды идентификациялоону жүргүзүү
2. Жарандарды шайлоочулардын кагаз түрүндөгү тизмесинде каттоону жүргүзүү
3. Шайлоо бюллетендерин берүү
4. Шайлоо бюллетендерин добуш берүү үчүн үкөккө салуу менен, шайлоочулардын жашыруун добуш берүү үчүн кабинага өтүшүнө контроль жүргүзүү

Мында комиссиянын төрагасы жана катчысы чүчүкулакка катышпайт.

Добуш берүүгө даярдыктын учурунда участкалык шайлоо комиссиясынын аракеттеринин тартиби:

**Шаг 1**
- Комиссиянын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда мөөрлөнгөн сейфти (же шкафты) ачат

**Шаг 2**
- Төрага сейфтен шайлоочулардын кагаз түрүндөгү тизмесин, шайлоочулардын электрондук тизмеси менен башка дагы жабдууну алып чыгат
- Шайлоочулардын тизмесине киргендердин санын жарыялайт
- Катышып отурган жактарга визуалдык таанышууга жана шайлоочулардын кагаз жана электрондук тизмеси менен салыштырууга мүмкүндүк берет

**Шаг 3**
- Төрага шайлоочулардын кагаз түрүндөгү тизмесин добуш берүү күнү шайлоочуларды каттоого жана шайлоочулардын кагаз түрүндөгү тизмесин толтурууга жоопту болгон комиссия мүчөлөрүнө берет

**Шаг 4**
- Комиссия протоколдо добуш берүүнүн жыйынтыгы жана анын кеңейтилген формасында шайлоо участогунда шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны жөнүндө жазат

**Шаг 5**

- Төрага добуш берүү үчүн бош жашиктерди катышып отургандардын бардыгына кароо үчүн көрсөтөт
- Жашикке контролдук барак салынат, анда шайлоо участогунун номери, контролдук баракты салган убакыт, төраганын, катчынын жана комиссия мүчөлөрүнүн, ошондой эле саясий партиялардын катышып отурган өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын фамилиясы жазылып, алар кол коюшат, жана комиссиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт
- Жашикке пломба коюлат

**Шаг 6**

- Төрага АШКдан алган бюллетендердин саны, ошондой эле имараттан тышкары добуш берүү үчүн берилген бюллетендердин саны жөнүндө жарыялайт
- УШК мүчөлөрү бардыгынын катышуусунда бюллетендерди кайра санап чыгышат жана алардын санын айтышат
- Төрага бардык катышып отургандарга таанышуу үчүн бюллетендерди көрсөтөт жана добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколго жана анын кеңейтилген формасына санын жазат

**Шаг 7**

- Төрага комиссия мүчөлөрүнө ведомость боюнча 100 дөн шайлоо бюллетенин берет, аларды алгандыгы үчүн алар кол коюшат жана бюллетендерди бергендиги үчүн жоопкерчилик алып жүрүшөт

## Шайлоочуларды биометриялык идентификациялоо боюнча жабдууну жандыруу

Шайлоочуларды биометрикалык далдалдаштыруу үчүн жабдуунун комплектисине кирет: Ноутбук, бармактардын изин сканерлөө, паспорттун МПЗ-зонасын жана шайлоочунун бетин сканерлөө үчүн камера (сервердик комплектиде гана), паспорттун МПЗ-зонасынын комбинирленген ридери (кардардык ноутбукта гана), термопринтер, монитор (байкоочулар үчүн максималдык көрүшүн эске алуу менен коюлган).



Оператордун ишин контролдоочу жана жарандардын электрондук тизмесинде жарандарды далдалдаштыруу процессин биргелешип ишке ашыруучу коммисия мүчөсү оператор жүргүзүүчү шайлоочуларды далдалдаштыруу тутумунун иштешин контролдойт.

Серверде ийгиликтүү авторлошкондон кийин датаны жана убакытты белгилейт да, төрагага сактоого берүүчү баштапкы отчётту басып чыгарат.



## Автоматтык эсептөө урнасын иштетүү

Шайлоочуларды добуш берүү кабинасына өткөрүүгө, шайлоо бюллетенин автоматтык эсептөөчү урна аркылуу түшүрүүгө жоопту комиссия мүчөсү автоматтык эсептөөчү урнаны баптайт, смарт-картаны коет, участкалык шайлоо комиссиясынын паролун жана номерин киргизет, датаны жана убакытты баптайт, «Добуш берүүнү баштоо» кнопкасын басат, бардык байкоочуларга жана саясий партиялардын өкүлдөрүнө таратылып берилүүчү автоматтык эсептөө урнанын баштапкы отчётунун көчүрмөсүнүн керектүү санын басып чыгарат.

Добуш берүү үчүн шайлоочуларды кабинага өтүшүнө жана шайлоо бюллитенин автоматтык эсептөөчү урна аркылуу өтүшүнө жооптуу коммисия мүчөсү бюллитендеги белгини эч ким тааныбасы, байкоочулар добуш берүүгө натыйжалуу байкоо жүргүзүүсү үчүн автоматтык эсептөө урнасын кабинадан 1,5 метр аралыктан ашык эмес жерге орнотот.

# 14 Добуш берүүчү жайда добуш берүүнү уюштуруу




Шайлоо күнү добуш берүү үчүн имаратта саат 8.00дөн 20.00гө чейин жүргүзүлөт.

Добуш берүү үчүн шайлоочу биометрикалык идентификациялоодон өтүшү керек. Мында шайлоочунун биометрикалык жана жеке маалыматтар боюнча идентификациялоо үчүн макулдугу талап кылынбайт.

Жаран паспортун көрсөткөндө, идентификациялоо оператору паспорттогу сүрөттү шайлоочу менен визуалдык салыштырууну милдеттүү түрдө жүргүзүшү керек.



Идентификациялоо оператору сервердик ноутбукта же кардардык ноутбукта MRZ эсептегичте (combo reader) сканерлөө үчүн камеранын жардамы менен шайлоочунун паспортунун МРЗ зонасын сканерлейт.

МРЗ-зонасын окугандан кийин шайлоочуну ошол шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын электрондук тизмесинен автоматтык издөө ишке кирет.

Шайлоочу паспорту боюнча идентификациялоо ийгиликтүү өткөндө андан ары шайлоочунун биометрикалык маалыматтары – колунун бармактарынын издери боюнча идентификациялоо жүргүзүлөт, колунун бармактары боюнча ийгиликсиз идентификациялоо жүргөндө, шайлоочуга 10 аракет берилет.





Колдун бармактарынын издери боюнча идентификациялоо 10 жолу аракетинен кийин программа бетти сканирлөө режимине өтөт, ага бир эле жолу аракет берилет. Бетти биометрия боюнча идентификация шайлоочунун бетин сүрөт менен салыштыруу жүргүзүлгөн сканердөө үчүн камераны колдонуунун жардамы менен жүргүзүлөт.



Шайлоочу биометрикалык маалыматтар боюнча идентификациялоодон ийгиликтүү өткөндөн кийин, ноутбуктун мониторуна жана сереп мониторуна – идентификациялоодон өткөн шайлоочунун сүрөтү, шайлоочулардын тизмесинен катар номери, аты, атасынын аты чыгып калат.




Шайлоочу идентификациялоодон ийгиликтүү өткөндөн кийин, термопринтер автоматтык түрдө «Шайлоочуну далдалдаштыруу жөнүндөгү чекти» басып чыгарат.

Чек төмөнкүлөрдү камтыйт:




- ✓ Шайлоочуну идентификациялоосунун датасы жана убактысы,
- ✓ чектин катар номери
- ✓ участкалык шайлоо комиссиясынын номери
- ✓ Шайлоочунун жеке идентификациялоо номери (ЖДН),
- ✓ Шайлоочунун фамилиясы, аты, атасынын аты,
- ✓ жана шайлоочунун шайлоочулардын тизмесиндеги катар номери.



Мында саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар үчүн көрүнүктүү орунда илинген монитордо төмөнкү маалымат чыгат:

- ✓ ошол шайлоо участогундагы шайлоочулардын тизмесине кирген жарандардын жалпы саны
- ✓ ошол учурда ушул шайлоо участогунда идентификациялоодон өткөн жана идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндөгү чекти алган шайлоочулардын саны
- ✓ идентификациялоодон өткөн шайлоочунун сүрөтү;
- ✓ Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталган башка маалымат.

Эгер далдалдаштыруу боюнча бир нече жолу кабыл алынган чаралар натыйжа бербесе, идентификациялоо процессине жооптуу шайлоо комиссиясынын мүчөсү комиссиянын төрагасына билдирет, андан кийин жабдуунун баш тарткандыгы жөнүндө актыны 2 нускада түзөт. Акт идентификациялоо процессине контрол жүргүзүүгө жоопту шайлоо комиссиясынын мүчөсү, оператор жана тиешелүү шайлоочу кол коет. Бир нускасы шайлоочуга берилет, ал эми экинчи нускасы шайлоо коммисиясында калат, жана шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыялангандан кийин бул актылар чара көрүү үчүн тишелүү мамлекеттик органдарга жиберилет. Мында шайлоочу добуш берүүгө киргизилбейт.

Шайлоочу чүчүкулак менен шайлоо бюллетендерин берүү үчүн аныкталган участкалык комиссиянын мүчөсүнө өздүгүн тастыктоочу документти көрсөтөт, ал шайлоочуну шайлоочулардын кагаз түрүндөгү тизмесине каттайт. Мында шайлоочунун өздүгүн тастыктаган документтин сериясы жана номери коюлат, жана анда шайлоо бюллетенин бергендиги жөнүндө кол коюлат.

Мында ар бир шайлоочу жеке өзү добуш берет, башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт.

Шайлоочунун өздүгүн тастыктоочу документтерге мыйзамдар тарабынан белгиленген Кыргыз Республикасынын жаранынын улуттук паспортунун бардык тиби кирет:

Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта)

2004-жыл




2017-жыл




Жалпы жарандык паспорт




Шайлоочу жүргүзүлгөн жазуунун тууралыгын текшерет жана шайлоочулардын кагаз түрүндөгү тизмесине кол коет, андан кийин шайлоочу чектин ордуна бюллетен алат.

Шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан атайын жабдылган кабинада же башка адамдардын катышуусуна жол берилбеген башка атайын жабдылган жерде толтурулат. Шайлоочу шайлоо бюллетенинде квадраттын ичине анын пайдасына карата тандоо жазалган саясий партияга, же «Бардыгына каршы» позициясына тиешелүү белгини коет.



Эгер шайлоочу шайлоо бюллетенин толтуруп жатканда ката кетирдим деп ойлосо, ал шайлоо бюллетенин берген участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө бузулган шайлоо бюллетенин ордуна жаңысын берүү өтүнүчү менен кайрылганга укуктуу. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочулардын тизмесинде, ошол шайлоочунун фамилиясынын каршысында тиешелүү белгини коюу менен шайлоочуга жаңы шайлоо бюллетенин берет.

Толтурулган шайлоо бюллетендери автоматтык эсептөө урнасы аркылуу өткөрүлөт.

# 15 Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү уюштуруу

Шайлоолор жөнүндөгү мыйзамдар шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок добуш берүү үчүн шайлоо участогуна келе албаган жарандардын бир нече категориясын карайт.

Шайлоочулардын бул категориясы үчүн участкалык шайлоо комиссиясы алардын турган жери боюнча добуш берүүнү уюштурат. Алар төмөнкү шайлоочулар:

- ден соолугунун абалы же майыптуулугу боюнча шайлоо участогуна келе албаган шайлоочу
- добуш берүү күнү ооруканаларда, шектүүлөрдү жана айыптууларды кайтаруу алдында кармоочу жайлардагы шайлоочулар;
- Алыскы жана жетүүгө кыйын болгон жерлерде, мал жайган участоктордо убактылуу жашап жаткан шайлоочулар


Булардын баардыгы өзүлөрү болгон жери боюнча добуш берүү укугуна ээ:

Ошондой эле тиешелүү шайлоо комиссиясы чечими боюнча өзгөчө учурларда:

- Добуш берүү күнү обочолонгон, калктуу жайлардан алыс жайгашкан аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөп жүргөн аскер кызматкерлери
- добуш берүү күнү кызмат өтөп жүргөн ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери
- ишканаларда ишинин үзгүлтүксүз цикли менен иштеген шайлоочулар
- вахта ыкмасы менен иштеген шайлоочулар
- вахта ыкмасы менен иштеген жана үй камагында болгон шайлоочулар




Турган жери боюнча добуш берүү үчүн шайлоочу участкалык шайлоо комисиясына добуш берүү үчүн имаратка келе албагандыгы боюнча себепти көрсөтүп, добуш берген күнгө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен (1-октябрь) арыз бериши керек. Бардык арыздарды участкалык шайлоо комиссиясы атайын реестрге каттоого алат.




Участкалык шайлоо комиссиясы добуш бергенге чейин эки күн мурун (2-октябрь) өзүнүн отурумунда биометрикалык идентификациялоо оператор менен биргеликте добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү уюштуруучу участкалык шайлоо комиссиясынын экиден кем эмес мүчөсүн чүчүкулак аркылуу аныктайт. Участкалык шайлоо комиссиясынын Төрагасы жана катчысы чүчүкулакка катышпайт. Добуш бергенге чейин эки күн мурда (2-октябрда) участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн участогунда добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүгө аларга мүмкүнчүлүк берүү жөнүндө жазуу түрүндө арыз берген шайлоочулардын реестрин илип койгонго милдеттүү.





Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү добуш берүү күнүнө чейин бир гана календардык күнү (3-октябрь) саат 8 ден 20 га чейин жүргүзүлөт.

Добуш берүүчү жайдан башталардын алдында УШКнын төрагасы баардык катышып отургандарга

добуш берүү үчүн бош үкөктү кароого көрсөтөт, андан кийин дал ушул жашик каралгандыгын жана кароо учурунда ал бош болгондугун тастыктоочу бош контролдук баракты салуу керек.

Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каржаттарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда жүргүзүлөт.





Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү жол жобосу добуш берүүчү жайдан добуш берүү жол жобосуна окшош. Бюллетен башка адамдардын катышуусуна жол берилбеген, бирок комиссия мүчөлөрү жана байкоочулар добуш берүүчүнүн аракеттерине контрол жүргүзүү мүмкүндүгү менен атайын орунда толтурулат.

Эгер шайлоочу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендигинен улам же ден соолугунун абалы боюнча шайлоо бюллетенин алгандыгы тууралуу өз алдынча кол коё же шайлоо бюллетенин толтура албаса, анда ал  үчүн башка шайлоочунун жардамын колдонгонго укуктуу.

Шайлоо участогуна кайтып келгенден кийин добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берген шайлоочунун өздүгүн тастыктаган паспортунун же документинин сериясы жана номери шайлоочулардын тизмесине киргизилет жана бир эле маалда шайлоочулардын тизмесинин тиешелүү графасында «Добуш берүү үчүн имараттан тышкары добуш берүүдө» белгиси коюлат.

Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнүн аякташы боюнча добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдүн тешигине участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын, катчысынын жана башка мүчөлөрүнүн, байкоочулар тарабынан кол коюлган А4 форматындагы кагазга мөөр басылып чапталат (пломба коюлат) жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Көчмө үкөк жащик сейфте (шкафта) сакталат, ал кошумча дагы мөөр басылып бекитилет (пломбаланат). Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү бүткөндөн кийин акт түзүлөт, көчүрмөсү аны түзүүдө катышкан ар бир адамга берилет.

# 16 Шайлоочулардын добуштарын эсептөө




Саат 20.00 до добуш берүү аяктайт да,  добуш берүүчү жай жабылат. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүүчү жайдын ичинде болгон, тактап айтканда добуш берүү үчүн имаратка саат 20:00го чейин кирип кеткен шайлоочулар гана шайлоо бюллетендерин алаары жана добуш берээри жөнүндө жарыялайт.

## Колдонулбаган шайлоо бюллетендерин жоюу жана добуш бергендердин санын эсептөө.

Шайлоо бюллтендерин бергенге жоопту участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү калган колдонулбаган шайлоо бюллетендерин  столдун үстүндө кайра санап чыгышат, аларды төмөнкү оң бурчун кыркып салуу менен жоюшат

- Аларды ведомость боюнча УШКнын төрагасына өткөрүп беришет, ал тууралуу акт түзүшөт
- Ушундай эле ыкма менен сейфте калган, колдонулбаган шайлоо бюллетендерин жоюушат

Жоюлган бардык шайлоо бюллетендери  эсептелип, пакетке таңгакталат

- Пакет УШКнын мөөрү жана УШК мүчөлөрүнүн коюлган колу менен бекитилет
- пакетте "Жоюлган шайлоо бюллетендери» деп жазылат

Шайлоочуларды каттоого жоопту УШК мүчөлөрү шайлоочулардын тизмесинин ар бир бетине ошол бет боюнча суммалык маалыматты жазышат, алар коюлган колдорду саны менен аныкталат

- тизменин ар бир бетине УШКнын мүчөсү кол коёт
- бардык беттер УШК   Төрагасына өткөрүлүп берилет

Шайлоочуларга берилген шайлоо  бюллетендеринин саны  чектерди саноо аркылуу кошумча текшерилет

- Шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны боюнча акт түзүлөт.
- УШКнын төрагасынын колу жана УШКнын мөөрү коюлуп күбөлөндүрүлгөн актынын көчүрмөсүн саясий партиялардын өкүлдөрүнө, ЖМКга жана байкоочуларга берилет

Шайлоочулардын тизмеси менен иш жүргүзүлүп бүткөндөн кийин комиссиянын төрагасы визуалдык таанышууну сунуштайт жана аны андан кийин сейфке салат.

## Добуш берүү үчүн көчмө жащиктеги бюллетендерди эсептөө

Добуштарды түздөн-түз саноо добуш берүү үчүн көчмө жащиктерден башталат.




Бул жарабаган шайлоо бюллетендери өзүнчө таңгакталып, мөөр коюлуп бекитилет, мында пакетте шайлоо комиссиясынын номери, жащиктин номери, шайлоо бюллетендериин саны көрсөтүлөт да, «Добуш берүү үчүн көчмө жащиктен алынган жараксыз шайлоо бюллетендери» деген жазуу коюлат, андагы маалыматтар № 5В жыйынтык протоколдун тиешелүү сабына жана анын кеңейтилген формасына жазылат.

Эгер көчмө жащиктеги бюллетендердин саны алынган шайлоо бюллетендеринин жана берилген чектердин, бюллетендердин саны жөнүндөгү белгини камтыган шайлоочулардын арыздарынын санынан ашпаса, анда алар автоматтык эсептөө урнасынан өткөрүлөт.

## Добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыгы жана добуш бергендердин саны жөнүндө отчёт

Добуш берүү аяктагандан кийин дароо саат 20:00 до, саат 21 ден кечиктирбестен участкалык шайлоо комиссиясы автоматтык эсептөөчү урнадан добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө алдын ала отчёттун жетиштүү санын басып чыгарат. Андан кийин маалыматтар БШКнын серверине автоматтык түрдө жиберилет жана сайтта жарыяланат. Ошондой эле оператор шайлоочуларды далдалдаштыруу боюнча жыйынтык отчетту басып чыгарат. Отчёттор комиссиялар тарабынан мөөр менен күбөлөндүрүлөт жана добуш берүү үчүн имараттын ичинде жүргөн саясий партиялардын бардык өкүлдөрүнө, байкоочуларга таратылып берилет.



Байланыш менен көйгөй келип чыкканда, автоматтык эсептөөчү урнадан маалыматтарды алуу мүмкүн болбогон учурда участкалык шайлоо комиссиясы тиешелүү актыны түзөт, жана маалыматтарды борборлук шайлоо комиссиясынын серверине жиберүү территориялык шайлоо комиссиясында саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда жүргүзүлөт.

Ошондой эле оператор шайлоочуларды далдалдаштыруу боюнча жыйынтык отчётту басып чыгарат. Отчёттор комиссиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт жана добуш берүү үчүн имараттын ичинде болгон саясий партиялардын бардык өкүлдөрүнө, байкоочуларга берилет.

## Бюллетендерди кол менен саноо

Добуштарды саноо добуш берүү бүтөрү менен дароо башталат жана шайлоочулардын добуш берүүсү өткөрүлгөн ошол эле имараттын ичинде добуш берүүнүн жыйынтыгын аныктаганга чейин тыныгуусуз жүргүзүлөт.

Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөө жүргүзүлгөн орун ага участкалык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрүнө, саясий партиялардын өкүлдөрүнө жана байкоочуларга кирүү камсыз болгудай жабдылышы керек. Мында добушту эсептегенге катышкан бардык жактар үчүн участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн аракеттеринин толук көрүнүшү камсыздалышы керек.

Добуш берүү жашигинен алып чыккандан кийин шайлоо бюллетендери эсептелет

Натыйжалары бардыгы таанышуу үчүн илинген кеңейтилген формага жазылат

добуш берүү үчүн жашиктен алынган шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочуларга идентификациялоо жөнүндө чегин алмашууга берилген бюллетендердин саны менен барабар, же кем болуш болуш керек

Берилген бюллетендерге караганда салынган бюллетендердин саны ашык болсо, ТШК себебин табуу жана жоюу боюнча чара көрөт

эгер себеби табылып, жоюлгандан кийин жараган шайлоо бюллетендердин саны добуш берүү жашигиндеги берилген бардык бюллетендердин санынан ашык болсо, УШКнын чечими менен жараксыз деп табылат жана төмөнкү оң бурчун кесүү менен жоюулат.

УШКнын мүчөлөрү шайлоо бюллетендерин тизмедеги добуш берилген ар бир талапкерге, «бардыгына каршы» позициясына добуш боюнча сорттошот

шайлоочулардын белгилери жарыяланат жана бардык катышып отургандарга визуалдык көзөмөл үчүн көрсөтүлөт

аныкталбаган формадагы бюллетендерди жана жараксыз бюллетендерди бир эле маалда ажыратышат

Сорттолгон шайлоо бюллетендери менен участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн контролу алдында саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар таанышууга укуктуу

Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен шайлоо бюллетендин текстине жана формасына мазмуну жана (же) формасы шайкеш келбеген шайлоо бюллетендерди аныкталбаган формадагы шайлоо бюллетендери деп таанылат, мындай бюллетендер добуштарды эсептөөдө эсепке алынбайт.

Жараксыз шайлоо бюллетендери:

- алар боюнча шайлоочунун эркин аныктоо мүмкүн эмес
- добуш берүү үчүн көчмө жашиктен алынган жараксыз бюллетендер
- БШК тарабынан белгиленген коргоочу белги коюлбаган бюллетендер
- УШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүлбөгөн бюллетендер
- башка аныкталган белгилерди камтыбаган бюллетендер

Мындай бюллетендер өзүнчө эсептелип, кошулат.

Арткы бетинде белгиси, чиймеси же башка жазуусу болгон шайлоо бюллетендери алардын мазмунуна карабай, жарактуу деп таанылбайт.

Шайлоо бюллетендерин жараксыз деп таанууда шек жаралган учурда, участкалык шайлоо комиссиясы маселени добуш берүү аркылуу чечет, мында шайлоо бюллетенин арткы бетине анын жараксыздыгынын себеби көрсөтүлөт, жана бул жазуу участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын жана катчысынын коюлган колу менен тастыкталып, комиссиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Акт түзүлөт.

Жараксыз шайлоо бюллетендеринин жалпы саны добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү №8 протоколго жана анын кеңейтилген формасына жазылат.

Андан кийин ар бир партия жана «Баарына каршы» позициясы боюнча белгиленген формадагы шайлоо бюллетендери боюнча шайлоочулардын добуштарын эсептөө жүргүзүлөт. Сорттолгон шайлоо бюллетендерин эсептөөгө катышып жаткан жактар шайлоо бюллетениндеги шайлоочунун белгисин көрө жана уга алгыдай кылып, бир тангактан бирден алып, экинчи жакка коюу менен үн чыгаруу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Ар түрдүү таңгактардан шайлоо бюллетендерин кошуп бир маалда саноого жол берилбейт

Маалыматтар добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү протоколго жана анын кеңейтилген формасына жазылат.

Добуштарды эсептөөгө катышып жаткан бардык адамдар участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан контролду сактоо менен, шайлоо бюллетендери менен визуалдык тааныша алышат.

Саясий партиянын өкүлүнүн же байкоочунун добуштарды кайра саноо талабы боюнча шайлоо бюллетендери саясий партиянын өкүлдөрүнүн же байкоочулардын түздөн түз катышуусунда жана алар тарабынан визуалдык конртолдун мүмкүнчүлүгүн берүү менен кайра саналат. Мында шайлоо бюллетендерин кайра эсептөө үнүн чыгаруу менен жүргүзүлөт.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы добуштарды кол менен эсептөөнүн натыйжасы боюнча аныкталат. Андан кийин Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тартипке ылайык добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколго киргизилген маалыматтардын контролдук катышы текшерилет.




Добуштарды кол менен саноо жүргүзүлгөндөн кийин, участкалык шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтык отурумун өткөрөт. Бул отурумда добуш берүүдөгү жана шайлоочулардын добуштарын эсептөөдөгү бузуулар жөнүндө түшкөн арыздар (доолор) каралат жана ар бир арыз (доо) боюнча чечимдер кабыл алынат.

Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана комиссиянын кабыл алган чечимине макул болгон арыз ээлери тарабынан участкалык шайлоо комиссиянын жыйынтык отурумунун эки нускадагы протоколуна кол коюлат.

## Шайлоо жыйынтыктары боюнча протокол

Шайлоонун жыйынтыктары протоколдо бекитилет. Жыйынтык отурумдун протоколуна кол коюда протоколдун мазмунуна макул болбогон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзгөчө пикирин тиркегенге укуктуу, ал тууралуу протоколдо тиешелүү жазуу жүргүзүлөт.

УШКдагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколго кол койгондон кийин добуш берүүнүн жыйынтыктары ошол замат бардык катышып жаткан талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн алдында жарыяланат.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин, участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы добуштарды эсептөөгө катышкан ар бир адамга анын мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн дароо бергенге милдеттүү.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протокол эсептелип, толтурулуп жана кол коюлуп бүткөндөн кийин, АЭУнун оператору протоколду жана далдалдаштыруунун отчётун сканирлөө жолу менен АЭУ аркылуу БШКнын борбордук серверине жиберүүнү жүзөгө ашырышы керек.



Протоколдордун сканерден өткөрүлгөн көчүрмөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясынын protocol.shailoo.gov.kg сайтында жарыяланат жана протоколдун көчүрмөсү менен салыштырууга мүмкүн болот.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдун биринчи экземпляры

•шайлоо документациясы (анын ичинде бюллетендер, арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, актылар, автоматтык түрдө эсептөөчү урналардын отчеттору, идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчет

•токтоосуз түрдө добуш берген күндөн кийинки күнү эртең мененки саат 6:00дөн кеч эмес
•УШКнын төрагасы саясий партиялардын өкүлдөрүнүн коштоосунда

АШКга жеткирилет

Протоколдун экинчи экземпляры жана УШКнын мөөрү УШКнын катчысында сакталып турат, ал мыйзамда белгиленгендей алардын аныктыгына жана комиссиянын иши аяктаганга чейин сакталышына жоопту

Шайлоонун жыйынтыктары боюнча протоколдун чоңойтулган формасы шайлоо участканын дайындаган жерге илинет жана шайлоо участканын ишмердиги аякаганга чейин бардык шайлоочулардын көрө ала турган жерге илинип турат.

# 17 АШКларда добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана БШКда шайлоонун натыйжасын аныктоо

АШК УШКдан акт боюнча УШКдагы добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдордун биринчи экземплярларын шайлоо документациясы менен биргеликте кабыл алат жана тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын аларда камтыган маалыматтарды кошуу аркылуу чыгарат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аймактык шайлоо комиссиясы жалпыланган таблица жана протокол түзөт, ага төмөндөгү маалыматтар жазылат:

- участкалык шайлоо комиссияларынын саны
- келип түшкөн протоколдордун саны, алардын негизинде добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол түзүлөт
- участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун жалпы саны




Тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго кол коюнун алдында, аймактык шайлоо комиссиясы жыйынтыктоочу отурумду милдеттүү түрдө өткөрөт, анда добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды эсептөөгө жана участкалык шайлоо комиссиялардын протоколдорун түзүүгө байланыштуу комиссияга келип түшкөн арыздар (даттануулар) каралат.

Шайлоо комиссиясы ар бир арыз (даттануу) боюнча чечимдерди кабыл алат, андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана шайлоо комиссиясынын келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча кабыл алган чечимдерине макул болгон арыз берүүчүлөр менен биргеликте шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу отурумунун протоколуна кол коюлат.

Мындан соң шайлоо комиссиясы тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго кол коёт. Шайлоо комиссиясынын протоколунун биринчи экземпляры кол коюлгандан кийин ошол замат жалпыланган таблицанын биринчи экземпляры менен Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Шайлоолордун жыйынтыктарын Борбордук шайлоо комиссиясы түздөн-түз аймактык шайлоо комиссияларынан келип түшкөн протоколдордун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды добуш берген күндөн тарта 20 календардык күндөн кеч эмес убакытта кошуу жолу менен аныктайт.

# 18 Борбордук шайлоо комиссиясынын маалымат ресурстары

БШКнын расмий сайты - http://shailoo.gov.kg

Портал кезектеги окуялар, шайлоо процесси, отурумдар, жоболор, КР БШК тутуму жөнүндө маалымат берет.

Маалыматтык шайлоо системасы – http://ess.shailoo.gov.kg/

Ресурс өткөн жана кезектеги шайлоолордо добуштардын жыйынтыгы боюнча маалымат берет.

Добуштарды кол менен саноонун протоколун жана далдалдаштыруунун жыйынтык отчетун графикалык чагылдырган сайт - http://protocol.shailoo.gov.kg/

Ресурс өткөн жана кезектеги шайлоолордо АЭУнун сканерленген жана добуштарды кол менен эсептөөнү протоколун алууга мүмкүндүк берет

“Тизме” порталы- https://tizme.gov.kg/

КР БШКнын облустардагы, участкаларды шайлоочулардын тизмеси, гендер, жаш курак топтору жөнүндө малыматты камтыган ресурс.

Шайлоо участкаларынын картасы - https://shailoo.gov.kg/kg/map/

Доолордун жана кайрылуулардын ресурсу - https://shailoo.gov.kg/kg/registry/

Шайлоо комиссияларына (БШК, ТШК, УШК) берилген доолор, арыздар жана алар боюнча кабыль алынган чечимдер жана соттук актылар менен таанышуу үчүн БШКнын ресурсу

“Талапкер” маалымат ресурсу- http://talapker.shailoo.gov.kg/

Ресурста саясий партиялар жана талапкерлер жөнүндөгү маалымат бар

## 19 Күтүлбөгөн кырдаалдарда байланыш телефондору

Кыргыз Республикасынын шайлоолор жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук коммисиясы

**Дареги:** 720040, Кыргызстан, Бишкек шаары, Пушкина көчөсү № 50

**Телефондор:** 1255 (кыска номер), коомдук кабылдама +996 (312) 660240

**Маалымат бөлүмү:** +996 (312) 665452, e-mail: pressa@shailoo.gov.kg, pr.shailoo@gmail.com

**Шайлоону уюштуруу бөлүмү:** +996 (312) 66-01-16, +996 (312) 62-35-69,

**Укуктук камсызоо бөлүмү:** +996 (312) 620184,

**Иш кагаздарын жүргүзүү сектору:** +996 (312) 620823, +996 (312) 626285, e-mail: document@shailoo.gov.kg

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 2020

# 4 - октябры – КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО КҮНҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

## АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ (АШК) ТАРАБЫНАН ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН БЕЛГИЛӨӨ ТАРТИБИ

**АЧЫК**

- УШКнын протоколун кабыл алуу АШКнын жыйынды таблицасынын чоңойтулган формасы турган бир жайда жүргүзүлөт.
- АШКнын жыйынды таблицасынын чоңойтулган формасында ошол аймактагы ар бир участоктогу УШКнын протоколдорунун маалыматтары чагылдырылат.
- Участкалык шайлоо комиссияларынан шайлоо документтерин кабыл алуу процессинде саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү тарабынан фотосүрөткө, видеого тартуулар, аудиожазуу шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган орунда шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашырындуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга тоскоолдук кылбастан жүзөгө ашырылуусу мүмкүн.

**АЙКЫН**

УШКнын протоколун АШКга өткөрүп берүү учурунда саясий партиялардын ишенимдүү адамдары, байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышууга укуктуу.

**ЫРААТТУУ**

УШКнын протоколун АШКга өткөрүп берүү боюнча аракеттер көрсөтүлгөн ырааттуулукта жүзөгө ашырылат.



### УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНАН (УШК) ШАЙЛОО ДОКУМЕНТТЕРИН КАБЫЛ АЛУУ ТАРТИБИ:

☐ **1** Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө УШКнын протоколдорунун биринчи нускаларын жана аларга тиркелген документтерди кабыл алуу.

☐ **2** Протоколдун туура толтурулушун, маалыматтардын контролдук өз ара катышын жана ага тиркелген документтердин толук болушун текшерүү.

**ПРОТОКОЛГО ТИРКЕЛГЕН ДОКУМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕГИ:**

- ☐ участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн автоматтык эсептөөчү урналардын (АЭУ) алгачкы жана жыйынтык протоколдору;
- ☐ участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн шайлоочуларды идентификациялоо жөнүндө баштапкы жана жыйынды отчёттор;
- ☐ участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтык жыйналышынын протоколу, арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, актылар.

**АКТЫЛАР (актыларды тариздештирүүнүн тууралыгын текшерүү):**

- ☐ аймактык шайлоо комиссиясынан алынган шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө;
- ☐ автоматтык эсептөөчү урна (АЭУ) боюнча добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары жөнүндө;
- ☐ жараксыз шайлоо бюллетендерин кайра саноо жөнүндө;
- ☐ кайтарылган бузулган шайлоо бюллетендери жөнүндө;
- ☐ керектен чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө;
- ☐ жайдан тышкары жерде добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө;
- ☐ жараксыз деп табылган учурда көчмө ящиктеги добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендери жөнүндө;
- ☐ идентификациялоо жабдууларынын жана АЭУнун бузулуусу жөнүндө (эгерде андай учурлар болсо);
- ☐ добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссиясынын протоколунун 1-нускасын шайлоо документтери менен өткөрүп берүү жөнүндө;
- ☐ участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө.

**РЕЕСТРЛЕР (реестрлерди тариздештирүүнүн тууралыгын текшерүү):**

- ☐ жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын;
- ☐ шайлоочунун укуктарын бузууларднын;
- ☐ арыздардын жана даттанууларднын;
- ☐ байкоочулардын катышуусу жөнүндө;
- ☐ протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жөнүндө;
- ☐ идентификациялоодон өтпөгөн шайлоочулар жөнүндө.
- ☐ 1-форма боюнча арыз
- ☐ 2-форма боюнча арыз

☐ **3** **ПЛОМБАЛАНГАН КУТУЧА (КАП)** (ар бир талапкерлердин тизмеси боюнча жана «Баардыгына каршы» позициясы боюнча сорттолгон шайлоо бюллетендери; УШК өз чечими менен жараксыз деп эсептеген, өзүнчө пачкаларга таңгакталган шайлоо бюллетендери); керектен чыгарылган бюллетендер; шайлоочулардын тизмеси; идентификациялоо боюнча оператор тарабынан берилген чектер.

*Аймактык шайлоо комиссиясы* ***участкалык шайлоо комиссияларынан түшкөн добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордо каталар, дал келбестиктер табылганда же протоколдордун түзүлүшүнүн тууралыгына күмөн саноо пайда болгондо*** *шайлоо комиссиясы тарабынан добуштарды кайтадан эсептөө жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.* ***Кайталап эсептөө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн) милдеттүү катышуусунда жүргүзүлөт.*** *Добуштарды кайталап эсептөөдө талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар катышууга укуктуу.*
*Шайлоочулардын добуштарын кайталап эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзөт, анда* ***«Добуштарды кайталап эсептөө»*** *деген белги коюлат. Протокол Борбордук шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтүлөт.*

☐ **4** Ошол шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссиясынын протоколунун маалыматтарын АШКнын жыйынды таблицасынын чоңойтулган формасына киргизүү.

☐ **5** Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссиясынын протоколдорунун биринчи нускаларын шайлоо документтери менен кабыл алуу боюнча белгиленген 12-форма боюнча акт түзүү.

**ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЧЫГАРУУ**

☐ **6** Участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун маалыматтарын чогултуп **жыйынды таблицаны** түзүү.

☐ **7** Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюунун алдында шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтык жыйналышты өткөрөт, анда комиссияга келип түшкөн добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө жана төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорун түзүү менен байланышкан даттануулар (арыздар) каралат.

Шайлоо комиссиясы ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алат, андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана келип түшкөн даттануулар (арыздар) боюнча шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимге макул болгон арыз ээлери шайлоо комиссиясынын жыйынтык жыйналышынын протоколуна кол коет.

*Шайлоо комиссиясынын жыйынтык жыйналышынын протоколуна кол коюу учурунда* ***протоколдун мазмунуна макул болбогон*** *шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү* ***ага өзүнүн өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу****, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат. Андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тиешелүү аймактагы шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коет.*

☐ **8** **Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Протоколду** эки нускада түзүү (добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө жыйынды таблица тиркелет).

*Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго* ***УШКнын саны, келип түшкөн протоколдордун саны*** *киргизилет, алардын негизинде добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзүлөт, ошондой эле УШКнын* ***протоколдорунун суммалык маалыматтары*** *жазылат.*

☐ **9** Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы добуш берүүнү жыйынтыктоодо катышып отурган ар бир адамга анын мөөр менен ырасталган көчүрмөсүн (ксерокөчүрмөсүн) токтоосуз берүүгө милдеттүү.

☐ **10** **Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун чоңойтулган формасын** жалпы элдин таанышуусу үчүн аймактык шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илүү жана шайлоо комиссиясынын иши аяктаганга чейин сактоо.

☐ **11** Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун биринчи нускаларын, жыйынды таблицанын биринчи нускасы жана башка шайлоо документтери менен бирге Борбордук шайлоо комиссиясына берүү.

*Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшүүсү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына токтоосуз* ***жайгаштырылат****. Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылган добуш берүүнүн жыйынтыктарынын маалыматтары юридикалык мааниге ээ болбогон алдын ала маалыматтар болуп саналат.*

*Шайлоонун натыйжаларын, ошондой эле талапкерлердин тизмеси алган шайлоочулардын добуштарынын, талапкерлердин бардык тизмелерине каршы берилген добуштардын саны жөнүндө маалыматтарды, анын негизинде шайлоонун натыйжалары аныкталган добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө түздөн түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорунда камтылган маалыматтарды* ***расмий жарыялоо шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.***

Аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдору Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилгенден кийин **аймактык шайлоо комиссиясынын аракеттери:**

☐ **12** Протоколдун экинчи нускаларын бардык шайлоо документтери менен бирге кайтарылуучу жайда алар архивге берилгенге чейин аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы тарабынан сакталуусун камсыздоо.